# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**АЛТЫКЕЕВА Н.Ж.**

*Бул макалада Ж.Мамайдын айтуусундагы «Толтой» эпосундагы негизги идея ачылып берилет. Эпостогу башкы каарман Толтойдун эл-жерди баскынчылардан бошотууга жасаган иштери, эрдиктери баяндалып, анын негизги максаты мекенди коргоо жана көздүн карегиндей сактоо болгону көрүнүп турат.*

Кыргыз эли оозеки чыгармачылыкка бай. Макал-лакаптан тартып көлөмдүү эпикалык чыгармаларда элдин басып өткөн тарыхый татаал жолунда өз элин жана жерин коргоп келген эл арасынан чыккан баатырлар жөнүндө көптөгөн легенда, уламыштар, көлөмдүү поэма, дастандар жарык көргөнүн билебиз. Байыркы замандан бери ооздон оозго өтүп, укумдан тукумга уланып келген мурастарда кыргыздар башка элдер сыяктуу эл катары жашоосун үзгүлтүккө учуратпай азыркы күнгө жеткени – бул өз алдынча мамлекетүүлүктүн башталыш булагы катары экендигин атоого татыктуу. Муну биз көркөм чыгармалардын мазмунунда кыргыз элинин тарыхый турмуш жолу чагылдырылып жаткандыгынан көрөбүз. Буга мисал катары кытайлык кыргыздардын белгилүү манасчысы Ж.Мамайдын «Толтой» эпосундагы баатыр Толтойдун кыргызды баскынчы душмандардан коргоодогу көрсөткөн эрдиктери далилдеп турат.

Анткени, «Толтой» эпосунун сюжеттик өзөгүн уюштурган эпизоддордун композициялык курулушу, баш каарман Толтойдун баскынчы душмандарга карата көрсөткөн эрдиктери бир бүтүн чыгарманы түзүп жатат.

Бардык эле эпикалык чыгармалардагы окуяларга, андагы берилген идеяга карата каармандар ар түрдүү катышат. Алардын кээ биринде окуя баш каармандын кылган аракетине жараша өнүгүп-өсүп, татаалданып отурса, айрымдарында негизги окуя жана анын чечилиши жалаң гана башкы каарман, анын көрсөткөн эрдиктери, дегеле кыймыл-аракети менен чектелет.

Эпикалык чыгармалар, алардын ичинен өзгөчө баатырдык эпостор белгилүү бир окуядан башталып, анан ар кандай окуялар, көрүнүштөр менен толукталып турат. Эпос «Толтойдун балалык чагы», «Толтойдун баатырдыктары», «Чынкожонун Толтойду азгыра башташы», «Толтойдун адашуусу» деген төрт чоң бөлүмдөн турат. Бул бөлүмдөр бир бүтүндүктү түзгөн жыйырма эки темага бөлүнгөн.

Эпостун мазмуну көрсөтүп тургандай негизги идея чачыранды жашаган элди бириктирүү, баскынчы душмандарга каршы туруу, өзүнүн эли менен жерин коргоп, өз алдынча эркин жашоого умтулуу аракеттери баяндалган.

Эл болуп жаралгандан кийин ошол элдердин бири-бири менен болгон байланыш мамилесинин натыйжасында эки элдин ортосунда достук мамиленин өсүшү ынтымакка алып келери шексиз көрүнүш. Бирок айрым учурларда коңшу жашаган элдер ортосунда карама-каршылык, көрө албастык күчөп, өз алдынча жашаган элди басып алып, кулчулукка айландырууга аракет жасашат. Мына ушундай жоокерчилик жашоо шартында эл башына оор трагедиялуу окуялар дуушар болору чыгармаларда чагылдырылган. Ал эми айрым учурларда элдин коопсуздугун сактаган, эл арасынан чыкан баатырлардын камкордугунун натыйжасында баскынчылар беттеп келе албай, эл эркин турмушта жашап келишкен. Экинчи бир эл ошол баскынчылардын чабуулуна туруштук бере албастан, өзүнүн байкерчилик бейпилдигинен ажырап, кулдук турмуштун оор моюнтуругуна илинип, эл деген атынан айрылып, күчтүү уруунун запкысында калып жок болуп да кеткендери да көп.

Бирок эл эл болуп жаралуунун негизинде алардын келечектен үмүт үзгөндүгү, максат-тилеги ар убакта көркөм чыгармаларда иш жүзүнө ашырылып көркөм баяндоого ээ. Анткени,

элдин басып өткөн коогалуу тарыхый жолундагы трагедиялуу окуялар, тарыхый-саясий кагылыштарды өз моюндары менен аркалаган кыргыздардын басып өткөн жолу да байыркы эл экендигин далилдеп турат. Ошон үчүн эл болуп жашап, өз хандык бийлигине ээ болгондугун жана өз алдынча мамлекет курулушунун алгачкы баскычынан азыркы жашоо мезгилине келгендигин баса көрсөткөн элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүндө сакталып калган. Мунун далили катарында «кыргыз» деген аттын тарых барактарында сакталып жана жазылып калышын айтсак болот.

«Кыргыз эли ошол толуп турган убактысында үч жүз жыл кандык доорун өткөргөн. Кандары мамлекеттен мамлекетке өкүмүн жүргүзгөн. Бул элден кандык өксө болгон эмес. Бул үч жүз жылдын ичинде кыргыздар душманын басып алышкан. Кыргыз эли өздөрү бай, өлкөсү кең эл келген. Эл ичиндеги карып, мискин, жетим, жесирге кайрымдуу, ырайымдуу эл болгон. Ошол кездеги кыргыздардын жигиттери өрттөн кайтпаган, жоодон качпаган баатыр эле»[1] - дейт Тоголок Молдо өзүнүн жыйнап жазган санжырасында. Бул маалыматка караганда кыргыздар басып өткөн тарыхый жолунда бир нечелеген кылымды аркалап келгендигин далилдеп жатат. Ушул тарыхый жолунда кыргыздар кандуу кагылыштарга кабылып, хандыктар менен басташып, баатырларча коргоно алган. Анткени, бул маалыматтар улуу эпос «Манастан» баштап, уламыш, легенда, санжыра, макал-лакапка чейинки оозеки айтылган үлгүлөрдө бар экендиги далилдүү фактылардан. Ошондуктан, эл арасында айтылган санжыраларда эскерилген кыргыз урууларынын таралышын салыштырып карасак кандайдыр бир деьгээлде тарыхый жактан болгон чындыкты байкайбыз. Мына ушул тарыхый деректи Ж.Мамайдын айтуусундагы жедигер уруусунан чыккан Багыштын уулу Толтой жөнүндөгү «Толтой» баатырдык эпосунан да алууга болот.

Кандай гана баатыр болбосун эли менен жери үчүн өмүрүн сайып, эркиндик үчүн күрөшүп, элинин коопсуздугу үчүн кам көрөт. Ошондуктан, эпостун сюжеттик-композициялык фабуласынан алганда жедигер элинин герегинде коңшу жашаган кызылбаш, түркмөн, калмак, чүрчүт, шибе элдердин кыргызга көз арткан баатырлары менен болгон кармаштар жөнүндөгү баяндардан курулган. Бул баатырлардын максаты өз элинин камы үчүн күрөшүү эмес, негизги максаты башка тынч жаткан элди басып, көз каранды кылууну көздөйт. Бул Толтойдун алгачкы беттешүүсүндөгү Контукчу менен Камангил үчөөнүн ортосундагы кайым айтышуу баянынан эле байкалып турат. Толтой араздашып согушкан Контукчу менен Камангилди арачалап, атынан учуп түшкөн Камангилди атына мингизип, муздак суу жуткузуп өлүмдөн алып калса, Камангил ага: «Менин сообума калды деп милдет кебиңди көтөрүп жүрөмбү, кыйын болсоң мага жекеге чык» [2]- дейт.

Анда Толтой:

«Алышпаймын сен менен,
Айтышар кишиң мен белем?
Аксакалсың, карысың,
Ар иш болсун тең менен [3]- деп аны менен беттешүүгө барбайт. Мында каармандын ар ишке жүйөөлүү мамиле кылып, адилеттүү карап, өзүнөн улуу адамга катылууга дити барбаган асыл сапатына күбө болобуз.

Эпостогу кийинки окуялардын биринде Толтой Ошту Карезгинин кысымынан куткаруу үчүн барганда бир жигитти кепке тартат. Андан Карезгинин кордугун уккан соң мындай дейт:

«Баштап жигит сен баргын,
Оштон жыйган мал-пулун
Алып келе калайын,
Ар кимдикин өзүнө
Таратып бере салайын». [4]

Бул аркылуу Толтойдун эл камын көргөн каарман экенин ачык көрөбүз.

Толтойдун аңчылык учурундагы алгачкы беттешүүсүнөн кийин улам эпостун мазмунуна жаьы мотивдер кошулат да, окуя барган сайын тереңдеп, ситуациялар курчуй баштайт. Жаңы мотивдердин пайда болушу менен баш каарман улам жаңы окуяга кабылып, эпостун композициялык жактан өнүгүү жолуна түшүп, жаңы нукка багыттала берет. Толтойдун көрсөткөн эрдиги жогоруда эскерилген эки баатырлар менен гана чектелип калбастан, андан ары уланып, жаңы душман баатырлары жөнүндө баян берилет.

Анткени, кыргыздардын жерине, байлыгына кызыккан душман баатырлары баш көтөрүп чыга баштайт. Муну «Толтой» эпосунун композициялык курамын уланткан бөлүмдөргө катышкан душман баатырлары Коронкыр, Карезги, Керкимат, Бай Чакайдын кармаштарында кеңири баяндалганын көрөбүз.

Толтой жедигер элинин коопсуздугун сактагандыгына курсант болуп жатып албайт. Ал жер кыдырып, эл көрүп, сөз угуп кыргыздардын тынчын алган хандыктардан кабар алып турат. Ошентип, Толтой Ош кыргыздарына кол салган жана мал-мүлкүн тартып алган Карезгиге каршы аттанат. Толтой Карезгинин артынан түшүп, суусу жок чөлгө камап, өзүн өлтүрүп, колун таратып, талап алган мал-мүлкүн, дүнүйөсүн элдин өзүнө кайтарып берет.

Жыйынтыктап айтканда, окуя башкы каарман Толтойдун тегерегинде өнүгөт. Композициялык курулуштун бөлүмдөрү Толтойдун башынан өткөргөн окуялары, эрдиктери, иш-аракеттери менен тыгыз байланышып, балалык кезинен өлүмүнө чейинки мезгилдеги окуяларды сүрөттөп берүү менен көлөмдүү эпикалык чыгармалардын катарында турат.

Пайдаланылган адабияттар:


1. Тоголок Молдо. « Кыргыздар», 2-том, - Б,1993
2. Ж.Мамай «Толтой» -Б.,1998
3. Ж.Мамай «Толтой» -Б.,1998
4. Ж.Мамай «Толтой» -Б.,1998